DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Бакирова Ш.М., Апиева А*

# АКЫЙКАТЧЫ ИНСТИТУТУ ЖӨНҮНДӨ

*Бакирова Ш.М., Апиева А*

# ОБ ИНСТИТУТЕ ОМБУДСМЕНА

*Sh.M. Bakirova, A. Apieva*

# ABOUT THE INSTITUTE OF OMBUDSMAN

*УДК: 34.342.7*

*Макалада Акыйкатчы институту, анын маңызы, биринчи Акыйкатчы институтун киргизген мамлекет, Акыйкатчы кызматын киргизген экинчи мамлекет, Акыйкатчы кызматын киргизген үчүнчү мамлекет, Акыйкатчы институтунун пайда болуу себептери, андан ары башка чет мамлекеттерде пайда болуусу жана өнүгүүсү, мурдагы коммунисттик өлкөлөрдө акыйкатчы институтунун өнүгүүсү, ар кайсы мамлекеттерде ар кандай аталуусу жана компетенцияларынын, укуктук абалынын айырмачылыгы, өлкөдө акыйкатчынын ыйгарым укуктары жана укуктук статусунун ар түрдүү болуусу, 2002-жылдын 31-июлунда Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы» тууралуу Мыйзамдын кабыл алынуусу, 2002-жылдын 21-ноябрында Кыргыз Республикасынын биринчи акыйкатчысын шайлоо, Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын ишмердүүлүгү, укуктук абалы, ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын Конституциясында, мыйзамдарда жана башка укуктук-ченемдик актыларда мыйзамдуу бекитилиши жөнүндө баяндалат.*

***Негизги сөздөр:*** *акыйкатчы, чет өлкөлөр, акыйкатчы институту, ыйгарым укуктар, мөөнөт, укуктук абал, Конституция.*

*В данной статье рассматриваются институт Омбудсмена, его содержание, государство, где введен институт Омбудсмена, второе государство, который ввел институт Омбудсмена, третье государство, которое вводит должность Омбудсмена, предпосылки для становления института Омбудсмена, в дальнейшем становление и развитие института Омбудсмена в зарубежных государствах, развитие института Омбудсмена на пост коммунистическом пространстве, в разных странах называется по разному и обладают различной степенью компетенции и правовым статусом,в разных государствах полномочия и правовой статус Омбудсмена закрепляется по разному, принятие закона КР в 2002 году 31 июля «Об Омбудсмене (Акыйкатчы) Кыргызской Республики», выборы первого Акыйкатчы Кыргызской Республики в 2002 году 21 ноября, деятельность Акыйкатчы КР, правовой статус, полномочия, регулирование деятельность и организации института Омбудсмена. В Конституции КР, законах и в других нормативных правовых актах.*

***Ключевые слова:*** *омбудсмен, зарубежные страны, Институт омбудсмена, полномочия, срок, правовое положение, Конституция.*

*This article examines the institution of the Ombudsman, its content, the state where the institution of the Ombudsman was introduced, the second state that introduced the institution of the Ombudsman, the third state that introduced the office of the Ombudsman, the prerequisites for the establishment of the institution of the Ombudsman, and the subsequent formation and development of the institution of the Ombudsman in foreign countries. states, the development of the institution of the Ombudsman in the post of communist space, in different countries is called differently and have varying degrees of competence and legal status, in different states the powers and legal status of the Ombudsman are fixed in different ways, the adoption of the law of the Kyrgyz Republic in 2002 on July 31 "On the Ombudsman (Akyikatchy) of the Kyrgyz Republic", elections of the first Akyikatchy of the Kyrgyz Republic in 2002 on November 21, activities of the Akyikatchy of the Kyrgyz Republic, legal status, powers, regulation of the activities and organization of the institution of the Ombudsman In the Constitution of the Kyrgyz Republic, laws and other regulatory legal acts.*

***Key words:*** *ombudsman, foreign countries, Institution of the Ombudsman, powers, term, legal status, Constitution.*

Дүйнөлүк практикада мамлекеттик бийлик тутумунда негизги орунду ээлеп, адам жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоочу Акыйкатчы (Омбудсмен) институту Кыргыз Республикасы үчүн салыштырмалуу жаңы болуп саналат.

Акыйкатчы институтунун мазмуну жана ишмердүүлүгү мамлекет менен жарандын, башкаруучу жана баш ийүүчүнүн ортосундагы мамилелердин жаңы барагын ачты десе болот. Бул институт демократиялык мамлекеттеги аткаруу бийлигинин ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздеринин мыйзамдуулугун күчөтүүчү маанилүү нерсеси болуп эсептелет. Ар кайсы мамлекетте институттун аталышы ар түрдүү. Кээ бири омбудсмен, кээ бири эл коргоочу, кээ бири ыйгарым укуктуу өкүл, кээ бири медиатор деп атап келишет. Бирок жалпысынан омбудсмен деп аталат.

Биринчи жолу бул кызмат абалы Швецияда

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



1980-жылы пайда болгон [1] да «Парламенттик омбудсмен» деп аталган.

Эгерде Омбудсмен институнун өнүгүү тарыхына кайрыла турган болсок «Акыйкатчы» деген түшүнүк Швецияда пайда болгон. Биринчи жолу XVIII кылымдын башында Швециянын королу Карл XII тарабынан Омбудсмен кызматы 1713-жылы киргизилген жана кээ бир изилдөөчүлөр көрсөткөндөй ал «Омбудсмен» тууралуу жобону Осман империясынын Тимурташ замогунда орус падышасы Петр 1 жеңилгенден кийин 5 жыл жашынып жүргөн убактысында кабыл алып кол койгон деп айтылып жүрөт. Ошондуктан мамлекеттен тышта жүргөндүгүнө байланыштуу өзүнүн ишенимдүү жагы катары Омбудсменге судьялар, офицерлер жана мамлекеттик чиновниктер мыйзам үстүндө иш алып баруусун көзөмөлгө алуусун табыштаган.

Ал эми 1716-жылдан баштап Парламент королго жана Өкмөткө баш ийбеген контролдук инстанция катары Омбудсменди-Юстиция канцлерин дайындай баштаган. 1722-жылы Омбудсмен кайрадан королго баш ийип калган. 1809-жылкы Конституция тарабынан парламент өзүнүн омбудсменин дайындоо укугуна ээ болгон. Бул кызматтын ээси эч кандай малекеттик бийлик органына көз каранды болбогон, парламент тарбынан жараңдардын укугун коргоочу ыйгарым укугуна ээ болгон.

Омбудсмендин ушундай эле ыйгарым укуктары менен кызмат абалы киргизилген мамлекет Финляндия болуп эсептелет. (Конституция 1919-ж.) Жалпы милдети да бирдей болгон: Мамлекетик органдардын жана соттордун мыйзамды сактоосун көзөмөлдөө. Швеция жана Финляндия азыркы күндө бирден бир Омбудсмен сот адилеттүүлүгүнкөзөмөлдөгөн мамлекеттерден болуп саналат.

Омбудсмен институтун киргизген үчүнчү мамлекет Эстония болуп саналат. 1938-жылы Юстиция канцлери деген ат менен омбудсмен кызматы киргизилген.

XX кылымдын 50-жылдарында дүйнө жүзүндө «Омбудсмен» түшүнүгү дээрлик таанымал эмес болсо, бүгүнкү күндө кыска мөөнөттүн ичинде Омбудсмен институту өтө популярдуу деңгээлге жетти десек жаңылышпайбыз.

Мисалы, Данияда булинститут 1953-жылы конституциялык реформанын жүрүшүндө түзүлгөн. Швециялык моделден айырмасы Данияда омбудсмен сот адилеттигин көзөмөлдөбөйт, бирок бардык министирлердин ишмердүүлүгүнө көз салат.

Ал эми Норвегияда 1952-жылы аскер омбудсменинин кызматы, андан кийин 1962-ж., жараңдык администрацияны көзөмөлдөөчү омбудсмен кызматы киргизилген.

Андан кийин омбудсмен институтун киргизүү идеясы көп Европа, Азия, Америка, Африка өлкөлөрүнө тараган. Атап айтканда, Федеративдүү Германия Республикасында (1956-ж.), Великобританияда жана Канаданын бир катар провинцияларында (1967-ж.), Жаңы Зеландияда (1962-ж.), Австралияда (1971-ж.), Американын бир катар штаттарында (Гавайиде (1969-ж.), Небраскада (1971-ж.), Айовада (1972-ж.), Аляскада (1975-ж.), Нью-Джерсиде (1974-ж.), Аризонада (1996-ж.)) жана башкалар, Италияда (1971-ж.), Португалияда (1975-ж.) жана Испанияда (1978-ж.) [2].

Бүгүнкү күндө Омбудсмендин түрлөрү Мексикада, Колумбияда, Эквадордо, Перуда, Боливияда, Аргентинада, Венесуэлада, Чилиде, Кариб бассейнинин бир катар өлкөлөрүндө, Швейцарияда, Белгияда, Францияда, Австрияда, Нидерландияда, Японияда, Ирландияда, Египетте, Израилде, Индияда, Пакистанда, Гонконгдо, Кипрде, ошондой эле көптөгөн өсүп келе жаткан өлкөлөрдө - Гайана, Маврикий, Фиджи аралдарында ж.б.

Дагы бир айта кетчү нерсе, ар бир өлкөдө Омбудсмен институту улуттук деңгээлде, региондук жана муниципалитет деңгээлинде түзүлөт. Кээ бир өлкөлөрдө бир нече омбудсмен болуусу мүмкүн. Мисалы: Австрияда - 3, Швеция жана Литвада - 5тен омбудсмен бар. Кээде атайын адистештирилген Омбудсмен кызматы киргизилиши мүмкүн: аскер кызматчыларынын укуктарын, студенттердин укуктарын коргоо, гендердик дискриминация көйгөйлөрү боюнча жана башка.

Мурдагы коммунисттик өлкөлөрдөгү Омбудсмен институнун түзүлүшүнө өзгөчө көңүл буруу да зарыл. Биринчи болуп Польшада жараңдардын укугун коргоочу 1988-жылдан баштап иштей баштаган. Андан кийин эле Венгрияда Омбудсмен институту киргизилген. Андан кийин Хорватияда (1990-ж.), Румынияда (1993-ж.), Литвада (1994-ж.) Кийинчерээк Омбудсмен институту Югославияда, Россияда, Узбекистанда, Украинада, Латвияда, Грузияда жана Молдовияда киргизилген. 2001-2002-жылдары Чехиянын, Словакиянын, Азербайджандын, Казахстандын омбудсмендери өз милдеттерин аткара баштакшан. Бүгүнкү күндө жүзгө жакын мамлекетте омбудсмен институту иштеп жатат. Бирок ар бир өлкөдө омбудсмендин ыйгарым укуктары жана укуктук статусу ар түрдүү [2].

Чет өлкөлөрдөгү омбудсмендердин институттарынын калыптанышы, ар түрдүү мамлекеттерде алардын адам жана жарандын укугун коргоо механизминдеги орду жана ролу көптөгөн монографияларда жана

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



макалаларда жетишээрлик терең изилденген, ошондуктан бул укуктук көрүнүштүн тарыхый аспектилерине токтолуунун кереги жок [3]. 2002-жылдын 31-июлунда Кыргыз Республикасынын Президенти «Кыргыз Республиксасынын Акыйкатчысы» [4] тууралуу мыйзамга кол койгон. Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган. 2002-жылдын 21-ноябрында Кыргыз Республикасынын биринчи омбудсменин шайлоо болуп өткөн жана 2002-жылдын 13-декабрында биринчи Акыйкатчы Турсунбай Бакир уулу өз кызматтык милдетин аткара баштаган.

Ал эми 2008-жылдын 14-февралында Жогорку Кенештин депуттаттары тарабынан Акыйкатчы болуп Турсунбек Акун шайланган.

Азыркы күндө Мамытов Токон Болотбекович омбудсмендик кызматты аркалап жатат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын долбоорунда Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) тууралуу да жоболор камтылган. Атап айтканда, Баш мыйзамдын долбоорунун жетинчи бөлүмү «Мамлекеттик башка органдар» деп аталат.

108-беренеде: «Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын эркиндиктеринин сакталышына парламенттик контролду Акыйкатчы (Омбудсмен) жүргүзөт» деп жазылган [5].

Ал эми Жогорку Кеңештин ыйгарым укуктары деген экинчи главанын 74-беренесинин 1-пунктунун 6) «Жогорку Кенеш Акыйкатчыны (Омбудсменди) шайлайт жана мыйзамда каралган учурларда кызматтан бошотот, аны жазык жоопкерчилигине тартууга макулдук берет».

7-пунктчада: Акыйкатчынын (Омбудсмендин) сунуштамасы боюнча Акыйкатчынын (Омбудсмендин) орун басарларын шайлайт, аларды жазык жоопкерчилигине тартууга макулдук берет.

Ал эми 6-пункттун 2-пунктчасында «Жогорку Кеңеш Акыйкатчынын (Омбудсмендин) ар жылдык баяндамасын угат» деп жазылган.

Акыйкатчынын ишмердүүлүгүн Конституциядан башка «Кыргыз Республиксасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы)» тууралуу мыйзам жана башка нормативдик укуктук актылар жөнгө салып турат.

**Адабияттар:**

1. Доспаев М.А. Международный опыт развития института Омбудсмена. // Вестник КРСУ, Том 8. - №2.
2. Бакирова Ш.М. Правовой статус Омбудсмена Кыргызской Республики. // Известия вузов, №8, 2014. - 172-б.
3. Бакирова Ш.М. Правовой статус Омбудсмена Кыргызской Республики. // Известия вузов, №8, 2014. - 172-б.
4. Бойцова В.В. Служба защиты прав человека и гражданина. Мировой опыт. - М., 1996.
5. «Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө» Мыйзамы. 2002-жыл, 31-июль, №136.
6. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. - Б., 2016. - 28-декабрь. - 108-б.